## Ж. Баласагын атындагы КУУнун И. Ч. Исамидинов атындагы Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту тууралуу

### 1. ИНСТИТУТТУН ТҮЗҮЛҮШ ТАРЫХЫ

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту 2009-жылы педагогика илимдеринин доктору, профессор И.Ч.Исамидиновдун уюштуруусу менен республикадагы мугалимдердин жетишсиздигин жоюу максатында Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту болуп түзүлгөн.

Институтту түзүү үчүн Чүй облусунун администрациясынын жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун ортосунда 2009-жылдын 19-мартында келишим түзүлүп, ага ылайык, университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2009-жылдын 19-июнундагы чечими жана университеттин ректорунун 2009-жылдын 20-июнундагы №220 буйругу чыккан. Институт түзүлгөн күндөн тарта Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген лицензиянын негизинде 12 адистикте жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча мугалимдерди даярдап келген. Анын башка структуралык түзүмдөрүнөн айырмалачылыгы (айыл өкмөт - окуу жай - абитуриент) үч тараптуу келишимге ылайык педагог адистерди максаттуу даярдоо менен мүнөздөлгөн.

Институтту түзүүнүн башатында И.Ч. Исамидинов, Р.Т. Сулайманова, А.Н. Гудимова, М.О. Осмоналиев, Г.С. Назарова, А.К. Рыспекова, А. Көбөгөнова, Н. Кабылова, Б. Шаршеев, У. Шаршеналиев, А.К. Эсенкановалар турган. Институттун ишмердүүлүгүндө айрым факультеттерде иштеген айрым окутуучулардын кошкон салымы чоң. Себеби дал ошол инсандар келип студенттерге алгачкы сабактарды өтүшкөн.

2015-жылы, университеттеги оптимизациялоо саясатына ылайык курамды кайра түзүүдө аталган институт ректордун 7-сентябрындагы №182 буйругунун негизинде Педагогикалык факультет болуп өзгөргөн. Факультетти ушул убакыт аралыгында Р.Т. Сулайманова, Б.Ж. Сарымсакова, Г. Адылбек кызы жетектешкен.

2023-жылдын 1-апрелинен баштап кайра **И.Ч. Исамидинов атындагы Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту** (ректордун № 86 буйругу 15.02.2023) болуп өзгөрдү. Учурда институттун директору – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, КРнын билим берүүсүнүн мыктысы Сулайманова Рахат Токтогуловна.

Институт түзүлгөн күндөн тарта Кыргыз Республикасынын Эл мугалимдери, Кыргызстандагы көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор, кыргыз билим берүүсүнө эмгеги сиңген ишмерлер ж.б. инсандар менен терең байланышта болуп, алардын маанилүү кеңештерин, насаатчылык жардамын алуу менен мугалим адистерди даярдоого карата багыт алган.





**2. ИСТИТУТТУН МИССИЯСЫ -** жаш муундардын инсандык өнүгүүсүнө өбөлгө түзө алган жогорку квалификациялуу, заманбап, атаандаштыкка туруктуу педагогикалык кадрларды даярдоо.

**3. ИНСТИТУТТУН СТРУКТУРАСЫ**

Институттун курамында 2 кафедра жана педагогикалык колледж бар:

- **Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасы.** Жетекчиси – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Адылбек кызы Гулназ.
- **Филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасы.** Жетекчиси – филология илимдеринин кандидаты, доцент Кудайбергенова Зейнеп Совхозбаевна.
- **Педагогикалык колледж.** Жетекчиси – Жеңишбек кызы Назгүл.

**4. ИНСТИТУТТУН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫ:**

**2022-2023-окуу жылында** Институтта бардыгы болуп 83 окутуучу эмгектенүүдө. Алардын ичинен: 60 окутуучу штатта, 23 окутуучу ички жана тышкы айкалыштыруу менен эмгектенишет. 3 илимдин доктору, профессор, 21 илимдин кандидаты, доцент, 19 ага окутуучу, 9 окутуучу бар. Сапаттык курам **46%** түзөт.

**5. ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ:**

Институт 4 багыт боюнча мугалимдерди даярдайт:

**БАКАЛАВРДЫК ПРОГРАММАЛАР:**

- 550700 - Педагогика
- 550200 - Физика-математикалык билим берүү
- 550300 - Филологиялык билим берүү

**МАГИСТРДИК ПРОГРАММАЛАР:**

- 550700 - Педагогика

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ:**

- 050704 - Мектепке чейинки билим берүү
- 030505 - Башталгыч класстарга чет тилин окутуу
- 050709 - Башталгыч класстарга билим берүү
- 050711 - Социалдык педагогика

**6. ИНСТИТУТТА ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН КОНТИНГЕНТИ (акыркы 3 жыл боюнча)**

| Окуу жылы | Жалпы | Бакалавриат | | | Магистратура | Педколледж | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Бюджет | күндүзгү | сырттан | күндүзгү | күндүзгү | сырттан |
| 2020-2021 | **642** | 179 | 377 | 52 | 34 | | |
| 2021-2022 | **658** | 155 | 362 | 92 | 49 | | |
| 2022-2023 | **1086** | 113 | 414 | 141 | 50 | 318 | 62 |
| | | **706** | | | | **380** | |

## 7. ИНСТИТУТТУН АКЫРКЫ 3 ЖЫЛДАГЫ ЖАЛПЫ КИРЕШЕСИ

| **Окуу жылы** | **бакалавриат, магистратура** | **Педагогикалык колледж** | **Жалпы суммасы** |
|---|---|---|---|
| 2020-2021 | 14 437 000 | | 14 437 000 |
| 2021-2022 | 15 697 000 | | 15 697 000 |
| 2022-2023 | 18 682 250 | 11 190 000 | **29 872 250** |

## 8. ИНСТИТУТТУН ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ ДАЯРДООНУН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА ИШ АРАКЕТТЕР:

- Мугалимдик адистикке ЖРТны мыкты тапшырган абитуриенттерди тартуу;
- Кесипке багыттоо, мугалимдик кесипти жарнамалоо иштеринин жаңыча формаларын иштеп чыгуу (видео роликтерди тартуу, акцияларды уюштуруу ж.б.);
- Студенттерди мугалимдик кесипке шыктандыруучу иш-аракеттерди салттуу ишмердүүлүккө айландыруу (конкурстарды, чыгармачылык иш-аракеттерди, жайкы мектептерди, кесиптик жолугушууларды уюштуруп туруу);
- Методикалык даярдыктын сапатын жакшыртуу, педагогикалык практиканын ролун күчөтүү;
- алдыңкы педагог окумуштуулар, эл мугалимдери, эмгек сиңирген мугалимдер, жаңычыл педагогдор менен конок лекцияларды, мастер класстарды, тренингдерди салттуу уюштуруу;
- дисциплиналар боюнча кыргыз тилиндеги окуу-методикалык комплекстерди, окуу куралдарды, колдонмолорду иштеп чыгуу, басмадан чыгаруу, камсыздоо жагын жолго коюу;
- институттун материалдык-техникалык базасын чыңдоо.

## 9. ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫКТЫ КҮЧӨТҮҮ:

- Студенттерди даярдоо ишинде: ЖОЖ - мектеп - бала-бакчалар ортосунда (билим берүү стандарттарынын, окуу пландарынын мазмунун, практиканын жыйынтыктарын, бүтүрүү квалификациялык иштерин талкуулоо, тегерек столдорду, ой ордолорун уюштуруу ж.б.);
- дуалдык билим берүүнү ишке ашыруу: М: №5 УКГ, №20 ОТКГ базасында;
- максаттуу даярдоо боюнча: РайБББ, ШБББ - жергиликтүү ӨӨБО менен келишимдерди түзүү;
- мугалимдердин кесибин жогорулатуу ишинде: ЖОЖ - КББА - РКЖККДИ - облустук ББИ менен иш алып баруу (72 с, 144 с.).

## 10. ИНСТИТУТТУ ӨНҮКТҮРҮҮ БАГЫТЫНДАГЫ ИШ ПЛАНДАРЫ:

- Бүгүнкү мектеп талап кылган заманбап мугалимди даярдоо (санариптик педагогика, смарт педагогика);
- жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн ЖОЖдору менен кызматташтыкты күчөтүү (жаңы тажрыйбалар, табылгалар менен бөлүшүү);
- өлкө ичиндеги окуу жайлар арасында кызматташтыкты күчөтүү (жаңы тажрыйбалар, табылгалар менен бөлүшүү);
- академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү;
- аралыктан окутуу технологиясы менен сырттан окуу формаларынын контингетин көбөйтүү.
- педагогикалык кесипчиликке уландарды тартуу;
- табигый-илимдик билим берүү, физика-математикалык билим берүү багыттарына

абитуриенттерди тартуу;
* орус тилдүү мектептерге мугалим адистерди даярдоо жагын жолго коюу;
* педагогикалык кадрларды полилингвалдык билим берүүгө даярдоо жагын жолго коюу (кыргыз, орус, англис ж.б. тилдерде);
* мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячыларын даярдоо ишин күчөтүү.

## 11. ИНСТИТУТТУН ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН ТЕМАСЫ:

**“Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы”.**

## 12. ИЛИМИЙ БАЙЛАНЫШТАР:

| Кыргызстандагы ЖОЖдор | Чет өлкөлүк ЖОЖдор |
|---|---|
| И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университет | Казак улуттук кыз-келиндер педагогикалык университети (Казакстан Республикасы) |
| Х.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети | Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университети (Казакстан Республикасы) |
| А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университет | О.А. Байконур атындагы Жезказган университети (Казакстан Республикасы) |
| К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети | Казандын (Приволжиялык) федералдык университети (Россия Федерациясы) |
| С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети | М.Х.Дулати атындагы Тараз мамлекеттик университети (Казакстан Республикасы) |
| Талас мамлекеттик университети | |
| Кыргыз билим берүү академиясы | Кайнар университети (Казакстан Республикасы) |

## 13. ИНСТИТУТТУН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ЖАНА ЭКСПЕРТТИК КЕҢЕШТЕРГЕ КАТЫШУУСУ (ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТИН МҮЧӨЛӨРҮ)

| № | Ф.А.А. Илимий кызматы, даражасы, наамы | Аткарган кызматы | Диссер тациялык кеңештин шифри | Мекеме, шаар | Илимий адистиктин шифри жана аталышы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мааткеримов Нурсапар Оролбекович - пед.и.д., профессор | Мүчө | Д 13.20.627 | Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети, И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университети, 2007- 2022-жж. | 13.00.02, 13.00.08 |
| 2 | Мааткеримов Нурсапар Оролбекович - пед.и.д., профессор | Педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин мүчөсү | | Бишкек ш., КР президенттинин алдындагы Кыргыз улуттук аттестациялык комиссиясы | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Мукамбетова Айгул Садырбаевна - пед.и.д., доцент | Мүчө | Д 13.20.623 | Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети, И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университети, Кыргыз билим берүү академиясы | 13.00.02, 19.00.07 |
| 4 | Сулайманова Рахат Токтогуловна - пед.и.к., доцент | Окумуштуу катчы, эксперт | | Бишкек ш., КР президенттинин алдындагы Кыргыз улуттук аттестациялык комиссиясы | |

## 14. ПУБЛИКАТОРДУК ИШМЕРДҮҮЛҮК

| Публикатордук иштин түрү | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Монографиялар | | | | 1 | 1 |
| ББЖжИМ грифи менен окуу куралдар | 1 | | | | 2 |
| Окуу, окуу-методикалык колдонмо | | 8 | | 1 | 7 |
| Web of Science, Scopus и ж.б. журн. макалалар | | 1 | 1 | 2 | |
| Россиянын журналдарында (РИНЦ) | 11 | 16 | 12 | 17 | 2 |
| Кыргызстандын журналдарында (РИНЦ) | 29 | 31 | 13 | 24 | 16 |
| РИНЦке кирбеген Кыргызстандын журналдары | 19 | 28 | 26 | 36 | 7 |
| Бардыгы | 60 | 84 | 52 | 81 | 35 |

## 15. ИНСТИТУТТУН ТАРЫХЫНДА КОРГОЛГОН ИЛИМИЙ ДИССЕРТАЦИЯЛАР

**Кандидаттык диссертациялар:**

**1. Сулайманкулова Ж.К.** "ЖОЖдо башталгыч класс мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздери"- 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 2012.
**2**. **Укелеева А.З.** "Извлечение соединений сурьмы и мышьяка из сурьмусодержащих материалов с последующим их разделением"- 02.00.01- органикалык эмес химия, 2012.
**3**. Кудайбергенова З.С. «Аман Саспаевдин чыгармачылык жекечелиги»- 10.01.01 - кыргыз адабияты, 2013.
**4. Сураналиева К.К.** "Орто мектептерде Т.Сатылгановдун өмүрү, чыгармачылыгын интерактивдүү окутуунун негиздери"- 13.00.02 - Окутуунун теориясы жана практикасы (кыргыз тили жана адабияты), 2014.
**5. Урусова И.Р.** "Развитие настанционарной трёхмерной математической модели электрической дуги" - 01.04.14 - жылуу физика жана теориялык жылуу техника, 2015.
**6**. **Кожогелдиева М.А.** "Домашнее насилие как психолого-педагогическая проблема (на примере кыргызской семьи)" - 19.00.07 - педагогикалык психология, 2017.
**7. Абдраимов К.А."**5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучууларды кеп маданиятында үйрөтүү"- 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили жана адабияты), 2019.
**8. Салиева А.З.** " Ж.Шүкүров-алгачкы лексиколог, лексикограф "- 10.02.01 - кыргыз тили, 2019.

**9**. **Байтокова А.С.** “Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу. (Ч.Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)” - 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 2020.
**10. Кулуева С.С.** “Педагогические условия развития мотивации учебно-профессиональной деятельности студентов педвузов” 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 2020.
**11**. **Качкын у.А.** “Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)” - 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 2021.
**12**. **Кушчубек к. Ш.** “Кыргыз эл оюндары мектепке чейинки улуу курактагы балдардын баалуулук багытталууларын калыптандыруу каражаттары катары” - 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 2021.
**13. Эгамбердиева А.А.** “ Ар кандай өлчөмдөгү кошулмалуу фторлуу литий жана натрий крисcталлдарынын радиациялык- оптикалык процесстери”. - 01.04.07 – конденсалдык абалдын физикасы, 2021.

## Докторлук диссертациялар:

1. Сулайманова Р.Т. “Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы”. - 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, 2023.

**Илимий-педагогикалык адистерди даярдоо:** Педагогикалык факультеттин кафедраларына аспиранттар жана докторанттар бекитилген жана алар учурда илимий изилдөөлөрдүн үстүндө иштешүүдө. Бүгүнкү күндө аспирантурада 10 окутуучу окуса, докторлук диссертациянын үстүндө 5 окутуучу иштеп жатат.

## 16. ИНСТИТУТТА ӨТКӨРҮЛГӨН ЭЛ АРАЛЫК, РЕСПУБЛИКАЛЫК, ЖОЖДОР АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯЛАР

* 2018-жылдын 16-мартында А.С.Макаренконун 130 жылдыгына **арналган “А.С.Макаренконун педагогикасы: тарбия жана өмүр”** аттуу тегерек стол.
* Педагогикалык факультеттин мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Г.А.Абдымомунованын 60 жылдыгына арналган **“Балдарды эртелеп өнүктүрүү”** темасында студенттер аралык тегерек стол.
* 2019-жылдын 19-сентябрьда п.и.к., профессор **Альбина Николаевна Гудимованын** 85 жылдыгына карата **“Кыргыз Республикасында жогорку педагогикалык билим берүүнүн проблемасы жана перспективасы”** аттуу тегерек стол.
* Ж.Баласагын атындагы КУУнун педагогикалык факультинде Кыргызстандын педагогдор коомунун жана Кыргызстандын физиктер коомунун өкүлдөрүнүн катышуусу менен 2019-жылдын 15-ноябрында педагогика факультетинин уюштурулганынын 10-жылдыгы жана п.и.д., МАНПОнун корр.-мүчөсү, профессор Н.О. Мааткеримовдун 70 жылдыгына арналган **«Педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасынын актуалдуу маселелери»** аттуу IV Эл аралык илимий-практикалык конференциясы.
* Педагогикалык факультеттин филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасы тарабынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун башкы окуу имаратында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил мыйзамынын 30 жылдык жана педагогикалык факультеттин 10 жылдык маарекесине карата **“Болочок мугалимдердин тилдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери”** аттуу студенттик илимий

практикалык конференция.

* **2023-жылдын 10-мартында** башкы имараттагы чоң жыйындар залында педагогика факультети USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору менен биргеликте **«Билим берүүдөгү инновациялардын шартында болочок башталгыч класстын мугалимдерин кесипкөйлүк жактан даярдоо»** аттуу илимий-практикалык конференция.

## 17. ДОЛБООРЛОР МЕНЕН ИШТӨӨ

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Билим берүүнү өнүктүрүү максатындагы глобалдык кызматташуу долбоорунун алкагындагы «Балалык», «Наристе» программалары боюнча балдарды мектепке даярдоо; «Роза Отунбаеванын демилгеси» фондунун «Эрте курактагы балдарды өнүктүрүү» долбоорлору менен иштешип келди. Ал эми 2020-жылдан тартып ЮСАИДдин «Окуу керемет» долбоору (Г.Адылбек кызы, Н.Н. Кайдиева, А.М. Юсупова, А.С. Жуматаева, А.К. Эсенканова, С.А. Кабыловалар улуттук жана мастер тренерлер катары катышууда).










## 19. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ, МЕКТЕП ПЕДАГОГИКАСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫНЫН USAIDДИН “ОКУУ КЕРЕМЕТ” ДОЛБООРУ МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУСУ

**Кафедра USAIDдин “Окуу керемет” долбоору менен 2020-жылдан бери кызматташат.**

1. **Башталгыч мектепте окууну жана жазууну дифференциалдуу жана комплекстүү окутуу:**

* Адылбек кызы Гулназ - мастер тренер, улуттук тренер
* Жуматаева Асылгул Саринжиевна – улуттук тренер

2. **Башталгыч класстын мугалимдерине негизги жана терендетилген математика модулдарын окутуу:**

* Адылбек кызы Гулназ - мастер тренер, улуттук тренер
* Кайдиева Назира Капарбековна - мастер тренер, улуттук тренер
* Эсенканова Анаркан Кулубековна - улуттук тренер
* Жуматаева Асылгул Сарынжиевна - улуттук тренер
* Кабылова Света Амантуровна - улуттук тренер

## 19. ТРЕНИНГ - СЕМИНАРЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮ






## 20. ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ МЕЙКИНДИГИНДЕ ИНСТИТУТТУН БАЙЛАНЫШТАРЫ:

Илимий стажировка, магистранттардын, окутуучулардын кесибин жогорулатуу, илимий конференция, он-лайн конференциялар, семинарлар ж.б. иш-чаралар боюнча факультеттин эл аралык байланыштары жолго коюлган жана учурда дагы алыскы жана жакынкы чет элдик бир катар окуу жайлар менен ар тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлгөн.

## 21. ИНСТИТУТТУН ОКУТУУЧУЛАРЫНЫН ЖАНА СТУДЕНТТЕРИНИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ:

**1) Президенттик стипендияга ээ болгондор:** Качкын уулу Эрлан, Көкөнбай кызы Акжолтой, Сыдыкова Мээрим Нурлановна, Асанбек кызы Ализа.

**2) Корей Республикасынын POSCO ASIA FELLOWSHIP эл аралык фондунан:** Алтынбек кызы Тахмина жана Кубатова Бактыгул, Дүйшөналы кызы Бурулай, Талгат кызы Нуризат стипендия алышкан.

**3)** Институттун бүтүрүүчүсү **Каныбек уулу Бекзат «Мугалим – коомдун күзгүсү-2016»** республикалык кароо-сынагына катышып 2-орунду, **«Жүрөгүм менин балдарда»** райондук кароо сынактан 1-орунга ээ болгон.

**4)** Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан өткөрүлгөн **«Жүрөгүм менин балдарда»** шаардык кароо-сынагынын **«Жылдын эң мыкты мугалими-2017»** номинациясында **Иманкулова Махабат Асановна** 2-орун жана 50000 сомго ээ болгон.

**5)** Факультетке иш-кагаздар мамлекеттик тилде жакшы деңээлде жүргүзүлгөндүгү үчүн 2018-жылы КРнын Президентине караштуу **Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан ардак грамота** ыйгарылган.

**6)** Университет тарабынан 2018-жылы факультеттер арасында өткөргөн **«Кош жылдыз»** сынагынан факультеттин кафедра башчысы **К.К.Сураналиева** баш байгеге татыган.

**7)** 2018-жылы **"Менин сүйүктүү университетим"** аталышындагы видео-ролик тартуу сынагына факультеттин студенттери катышып, анда **башкы байгени** жеңип алышкан.

**8)** Кыргыз радиосу тарабынан ЖОЖдор арасында уюштурулган **«Айтматов таануу»** радио-долбоорунда студенттерибиз 1-орунга ээ болгон.

**9.** Ж.Баласагын атындагы КУУнун профсоюздук комитетинин уюштуруусу менен жаш мугалимдер арасында өткөрүлгөн **«ПЕДАГОГИКАЛЫК ДЕБЮТ-2018»** кароо-сынагынан факультеттин окутуучусу **Кутманалиев Аскар Алтынбекович** 1-орунга ээ болгон.

**10.** Ж.Баласагын атындагы КУУнун факультеттер арасында өткөрүлгөн **«Нооруз-2019»** кароо сынагында Баткен облусунун тарыхын, маданиятын, каада салт, үрп-адатын чагылдырууда мыкты даярдыкты көрсөткөндүгү үчүн факультет 3-орунга ээ болду.

**11.** Мектепке чейинки, мектеп педагогикасы жана билим берүүнүн технологиялары кафедрасы «Кафедралардын (программалардын) ишмердүүлүгүнүн абалын баалоо жөнүндө» 2019-жылдын 27-февралында чыккан №70 буйругунун негизинде өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен **эң мыкты кафедра аталып, I орунга ээ болду** жана компьютер сыйлыгына татыды.

12. Кыргызстан аялдар форуму Кыргыз Республикасынын социалдык экономикалык чөйрөсүн өнүктүрүүгө, илим - билимге жана жаш муундардын өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн **Мусагулова Айлазат Теңирбердиевна** 2023 – жылы Республикалык "Аялдар кенеши" улуттук биримдиги тарабынан ЖОЖдун окутуучуларынын арасында уюштурулган **"КАНА ЭМЕСЕ КЫЗДАР" сынагында I орунга** ээ болуп**, Кыргызстан аялдар форумунун Ардак Грамотасы** менен сыйланган.

## 22. ИНСТИТУТТУН КЫРГЫЗСТАНДЫН ДЭЭРЛИК БАРДЫК МЕКТЕПТЕРИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ КҮЧТҮҮ («МУГАЛИМ» ЖУРНАЛЫ МЕНЕН БИРГЕЛИКТЕ ӨТКӨРҮЛГӨН ИШ-ЧАРАЛАР, КОНКУРСТАР, ЖАЙКЫ МЕКТЕПТЕР).






## 24. ИНСТИТУТ ТАРАБЫНАН УЮШТУРУЛГАН СЫНАКТАР, ИШ -ЧАРАЛАР

- 2016, 2019, 2021- жылдары республикалык деңгээлде “Мен мугалим болом!” сынагы уюштурулуп, ага 10дон ашык окуу жайлар активдүү катышып келишүүдө.

- 2016, 2018, 2019-жылдары «Мугалим» илимий-педагогикалык журналы менен Ж.Баласагын атындагы КУУ, педагогикалык факультет биргеликте **«Мугалим коомдун күзгүсү»** кароо-сынагы жана “Окуучу күткөн мугалим” республикалык жайкы мектеби Ысык-Көлдө “Ала-Тоо” пансионатында өткөрүлгөн. Институттун кызматкерлери тарабынан республиканын ар аймактарында мугалимдик кесипке багыттоо иштери жана мугалимдик кесиптин имиджин көтөрүү, аларга методикалык жардам көрсөтүү боюнча бир катар семинарлар, тренингдер, жолугушуулар өткөрүлгөн.

## 25. ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР

Институтта студенттерге билим берүү менен бирге тарбиялык иштер да ар качан үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. Институтта ар кандай форматтагы жана мазмундагы тегерек столдорду, интеллектуалдык өнөр таймаштарды, маданий иш-чараларды өткөрүп туруу салтка айланган. Студенттерибиз ЖОЖдор жана факультеттер аралык өткөрүлүүчү ар кандай (сынак, дебат, тегерек үстөл, спорт таймаштары ж.б.) иш-чараларга катышып байгелүү орундарды камсыздап келет.





## Спорттук жетишкендиктер

- **Алымкулова Бурул** Бүткүл дүйнөлүк студенттердин Казань универсиадасынын жеңүүчүсү, коло медалынын ээси болсо, **Тынчтыкбек уулу Бекзат** 2018-жылы Түркмөнстандын Ашхабад шаарында өткөн V Азия оюндарында бел боо күрөшү боюнча алтын медаль, 2018-жылы өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр оюнунда алтын медалды утуп алган. Ошондой эле 2017-21-жылдардагы КУУнун окутуучу-профессорлор курамынын арасында өткөрүлүп келе жаткан **«Ден соолук»** спартакиадасында факультеттин волейбол, футбол боюнча командалары (мырзалар, аялдар командасы) алдыңкы орундарды багындырып келет.





**26. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖУМУШ ОРДУ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУСУ:**

Колледждин бүтүрүүчүлөрү окуусун бакалвриатта, магистратурада уланта алышат.

Институтту бүтүргөн студенттер республикадагы орто мектептерде, бала бакчаларда, райондук билим берүү бөлүмдөрүндө, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларда эмгектенип жатышат. Бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик бардыгы иш менен камсыз болгон. Иш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташтык жүргүзүлүп турат жана алардын берген табыштамаларына ылайык да бүтүрүүчүлөрүбүздү жиберүүдөбүз. Бүгүнкү күндө мугалим адистер менен мектептер дагы эле толук камсыз болгон эмес. Андыктан бүтүрүүчүлөргө жумушсуздук маселеси туулбайт.



